Мырзакат ТЫНАЛИЕВ, “Кыргыз Туусу”

Улуттук банкта

# Өлкөдөгү финансы-экономикалык абал туруктуу

***Биздин негизги соода-экономикалык өнөктөштөрүбүз Россия менен Казакстандагы акыркы мезгилдеги айрым финансылык олку-солкулуктарга карабастан өлкөнүн акча-кредиттик жана финансылык абалында туруктуулук сакталып турат. Бул жөнүндө Улуттук банктын төрагасы Толкунбек Абдыгулов, төраганын орун басары Лада Орозбаева, Экономикалык башкармалыктын начальниги*** **Сейилбек Урустемов** ***жана Акча-кредиттик операциялар башкармалыгынын начальниги Раушан Сейткасымова журналисттерге беришкен маалыматта айтылды.***



## Акча-кредиттик көрсөткүчтөр

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы өзүнүн 2014-жылдагы ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары жана өлкөнүн экономикасындагы негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр боюнча маалымат жыйынын өткөрдү. Анда өлкөнүн башкы банкынын төрагасы Т.Абдыгулов билдиргендей, өткөн жылдын жыйынтыктары боюнча ***акча-кредиттик көрсөткүчтөр*** төмөнкүдөй болгон.

***Акча базасы*** 2013-жылдын декабрынын аягына карата 13,4%га көбөйүп, 73 139 млн. сомду түзсө, 2014-жылы 8 667 млн. сомго же 11,9%га төмөндөө менен дээрлик 64 472 млн. сомду түзгөн.

Коммерциялык банктардын ***Улуттук банктын эсептериндеги улуттук валютадагы резервдери*** 2013-жылы 0,8%га кыскарса, 2014-жылдын башынан 19,6%га көбөйүп, жыл акырына карата 7 393 млн. сомду түзгөн.

***Дүң эл аралык резервдер 2***013-жылдын акырына карата 2 238 млн. долларды түзсө, быйылкы жылдын акырына карата дээрлик 1 958 млн. доллар болгон. Ушундан улам Т.Абдыгулов белгилегендей, айрым адамдар жаңылыш айтып жатышкандай, алтын-валюта резервдери 500 миллион долларга азайган эмес. Жалпы сатылган валютанын көлөмү ушунчалык болгон.

– Ошол эле учурда биз өткөн жылы доллар сатып да алганбыз, – дейт Т.Абдыгулов. – Алтын-валюта резервдеринин өзү ушул максатта топтолот. Экономикадагы абал жакшы болгондо ал өсөт, а кризис болгондо ал жумшалат. Жалпысынан өткөн жылы өлкөнүн алтын-валюта резерви 281 млн. долларга гана кыскарган.

## Инфляция жана баалар

УБнын ишинин негизги натыйжаларынын бири – ***инфляциянын*** деңгээли. Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, инфляция 2014-жылдын жыйынтыгында 10,5% болгон, башкача айтканда УБ жыл башында өз алдына койгон көрсөткүчтөр сакталган.

Бааларга келсек, ***азык-түлүк товарларына баалар*** 13,9%га, алкоголь жана тамеки буюмдарына баалар – 12,3%га, азык-түлүк эмес товарларга баалар – 6,8%га, акы төлөнүүчү кызматтарга баалар – 5,9%га өскөн. Товарлардын бул тобуна баалардын өсүшүндө нан азыктарына баалардын (14,7%) үлүшү чоң болгон. Бул Казакстандан ташылуучу дан эгиндерине экспорттук баалардын жогорулашы, түшүмдүн аз болушу жана экспорттук суроо-талаптын өсүшү менен байланышкан. Кыргызстанда өткөн жылы айыл чарба продукцияларын өндүрүү көлөмдөрүнүн төмөн болушу да азык-түлүккө баалардын жогорулашына таасир берген.

Натыйжада жашылча-жемиштер 25,1%га, эт азыктары – 11%га жана сүт азыктары – 11,4%га кымбаттаган. Кант жана кондитер азыктарына баалар 8,7%га кымбаттаса, анын ичинен кантка баа – 8,6%га өскөн.

***Азык-түлүк эмес товарларга баалардын индексинин өсүшү*** 6,8% болгон. Бул негизинен күйүүчү-майлоочу материалдарга баалардын жогорулашынан (19,6%) улам кийим-кечеге жана бут кийимдерге (7%), транспорт кызматтарына (10,9%) баалардын көтөрүлүшүнө байланышкан.

Мындан тышкары, азык-түлүк эмес инфляцияга турак-жай-коммуналдык чарба кызматтарына (электр энергиясына, газга жана отундун башка түрлөрүнө) тарифтердин жогорулашы да олуттуу салым кошкон.

2014-жылдын декабрына карата акы төлөнүүчү кызматтарга баалар жылдык маанисинде алганда 5,9%ды түздү. Бул негизинен билим берүү кызматтарына (7,8%) жана эс алуу кызматтарына (11,2%) акылардын жогорулашы менен түшүндүрүлөт. Ошол эле учурда мейманканалар менен ресторандардын кызматтарына баалар 1,1%га төмөндөгөн.

## Реалдуу сектордогу жана инвестицияларды тартуудагы абал кандай?

Реалдуу секторго келсек, 2014-жылы ***ички дүң продукту (ИДП)*** 2013 жылга салыштырмалуу 3,6%га көбөйүү менен 397 млрд. сомду түзгөн. “Кумтөр” кенин иштеткен ишканаларды эсепке албаганда ИДПнын өсүшү – 4,6%.

***Өнөр жай продукциясынын көлөмү*** 1,6%га кыскарган, ошол эле учурда өткөн жылы 28,6%га көбөйгөн. “Кумтөр” кенин иштеткен ишканаларды эсепке албаганда – 3,4%га көбөйгөн. Пайдалуу кендерди казып алуу 4,5%га кыскарган. 2013-жылы бул көрсөткүч 4,4%га азайган.

Иштетүү өнөр жайынын көлөмү – 3%га азайса, 2013-жылы – 45,8%га көбөйгөн. Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо 7,8%га өскөн.

***Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы*** 0,6%га кыскарган.

***Негизги капиталга инвестициялар*** 21,6%га көбөйсө, ***курулуштун*** дүң продукциясы 24,9%га өскөн.

## Сомдун абалы жана финансылык рыноктогу кырдаал

***АКШ долларынын расмий курсу*** жыл ичинде 19,57%га жогорулаган жана 2015-жылдын 1-январына карата 58,8865 сом болгон.

Валюталык сатуулардагы ***банктар аралык операциялардын көлөмү*** 1 030,6 млн. долларды түзгөн. Салыштыруу үчүн айтсак, 2013-жылга карата бул көрсөткүч 1 129,4 млн. доллар болгон.

***Улуттук банктын*** валюталык сатуулардагы ***чет элдик валютаны сатуу боюнча операцияларынын көлөмү*** 536,7 млн. долларды, ***чет элдик валютаны сатып алуу боюнча операцияларынын көлөмү*** 20,5 млн. долларды түздү. 2013-жылы ***Улуттук банктын*** валюталык сатуулардагы ***чет элдик валютаны сатуу боюнча операцияларынын көлөмү*** 14,7 млн. долларды түзгөн, а ***чет элдик валютаны сатып алуу боюнча операциялар*** жүргүзүлгөн эмес.

Аракеттеги коммерциялык банктардын ***кредиттик портфели*** 2014-жылы 45,95%га көбөйүп, отчеттук мезгилдин акырына карата 78 756,3 млн. сомду түзгөн. Салыштыруу үчүн айтсак, 2013-жылы ал 34,55%га көбөйүп жана 53 961,6 млн. сом болгон.

Өткөн жылдын декабрында кредиттик портфелдин ***улуттук валютадагы наркы*** 1,11 пайыздык пунктка төмөндөп, 2015-жылдын 1-январына карата 19,60%ды түзгөн.

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо үстөк пайыздык ставка 2014-жылдын январь-декабрында 2013-жылдын ушундай мезгилине салыштырмалуу 1,19 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 20,13%ды түздү.

Кредиттик портфелдин чет элдик валютадагы наркы 2014-жылдын декабрында 0,30 пайыздык пунктка төмөндөдү жана 2015-жылдын 1-январына карата 16,10%ды түзгөн.

Чет элдик валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо үстөк пайыздык ставка 2014-жылдын январь-декабрында 2013-жылдын ушундай мезгилине салыштырмалуу 2,73 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 14,95%ды түздү.

Аракеттеги коммерциялык банктардын ***депозиттеринин көлөмү*** 2014-жылы 22,57%га жогорулаган жана отчеттук мезгилдин акырына карата 82 534,7 млн. сомду түзгөн. Салыштыруу үчүн айтсак, 2013-жылы бул көрсөткүч 32,94%га көбөйүп, 67 334,2 млн. сом болгон.

Өткөн жылы декабрында депозиттердин ***улуттук валютадагы наркы*** 1,29 пайыздык пунктка жогорулап, 2015-жылдын 1-январына карата 6,93%ды түзгөн.

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча ***орточо үстөк пайыздык ставка*** 2014-жылдын январь-декабрында 2013-жылдын ушундай мезгилине салыштырмалуу 0,16% пайыздык пунктка жогорулаган жана 2,49%ды түздү.

***Депозиттик базанын чет элдик валютадагы наркы 2014-жылдын декабрында 0,42 пайыздык пунктка жогорулады жана 2015-жылдын 1-январына карата 3,22%ды түзгөн.*** Чет элдик валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча ***орточо үстөк пайыздык ставка*** 2014-жылдын январь-декабрында 2013-жылдын ушундай мезгилине салыштырмалуу 0,09 пайыздык пунктка жогорулаган жана 0,86%ды түздү.

Ошондой эле, жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү улуттук валютадагы депозиттер боюнча орточо үстөк пайыз ставкасы 2013-жылга салыштырмалуу 2014-жылы 1,10%га жогорулаган, а чет элдик валютадага мөөнөттүү депозиттер боюнча ставка ошол эле мезгилге карата 0,02%га төмөндөгөн жана 5,81%ды түзгөн.

## Соода балансындагы дефицитте төмөндөө бар

Улуттук статистика комитетинин 2014-жылдын январь-декабры үчүн иш жүзүндөгү маалыматтары боюнча ***КРнын соода балансынын дефицити*** ФОБ баасында 3 398,6 млн. долларды түзгөн жана өткөн жылы ушундай мезгилине салыштырмалуу 4,7%га төмөндөгөн.

***Тышкы соода жүгүртүү*** жыл жыйынтыгы боюнча 7 181,8 млн. доллар болгон, бул 2013-жылдын көрсөткүчүнөн 6,3%га төмөн. Салыштыруу үчүн айтсак, 2013-жылы 2012-жылга салыштырмалуу 7,6%га өсүш болгон.

***Товарлардын экспорту*** 1 891 млн. долларды түздү, ал 2013-жылга салыштырмалуу 7,7%га кыскарган. Мында алтындын экспорттук баасынын 8,0%га арзандашынан улам анын экспортунун жалпы наркы 2,7%га же 19,9 млн. долларга төмөндөгөн. Мындан тышкары авиакеросиндин, жашылчалардын, электр энергиясынын, жемиштердин ж.б. экспорту кыскарган.

***Товарлардын импорту*** 5,8%га төмөндөп жана 5 290,2 млн. доллар бол-

гон. Бул негизинен нефть продуктуларын, чоюндан, болоттон жана алюминийден конструкциялардын, кийимдердин, жүк ташуучу жана атайын багыттагы автомобилдердин, трансформаторлордун ж.б. импорттоонун азаюусунан улам жүргөн.

## Төлөм системасын өркүндөтүү

Төлөм системасын өркүндөтүү боюнча бир катар иштер жүргүзүлгөн. Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборун түзүү долбоору боюнча 2015-жылдын 1-январына карата ага 23 коммерциялык банк камтылган. Жалпысынан 417 999 Элкарт улуттук төлөм картасы чыгарылган. Иштеп жаткан терминалдардын саны 1 498 жана банкоматтардын саны – 428.

Төлөмдөр жана эсептешүүлөр боюнча 2014-жылдын декабрында эсептешүүлөрдүн банктар аралык системасы аркылуу жалпысынан 175 949,2 млн. сом суммадагы 348,5 миң төлөм өткөрүлгөн. Бул 2013-жылдын декабрына салыштырмалуу тиешелүүлүгүнө жараша 71,9%га жана 3,2%га көп.

Гросстук система аркылуу жалпысынан 164 741,1 млн. сом суммадагы 33,7 миң төлөм же 2013-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу тиешелүүлүгүнө жараша 80,5%га жана 64,7%га көп өткөрүлгөн.

Эсептешүүлөрдүн клиринг системасы аркылуу жалпысынан 11 208,0 млн. сом суммадагы 314,8 миң төлөм өткөрүлгөн. Бул 2013-жылдын декабрына салыштырмалуу тиешелүүлүгүнө жараша 1,2%га көбөйүп 0,7%га азайган.

## Башкы банктын аракеттери

Журналисттердин суроолоруна жооп берүү менен Т.Абдыгулов өткөн жылы УБ акча-кредиттик саясаттын жаңы аспабына өткөнүн да билдирди.

– Эми биз пайыздык ставкаларын таргеттөө менен алектене баштайбыз, –дейт ал. – УБнын эсепке алуу ставкасын өзгөртүүсү акыркы карызгерлердин пайыздык ставкаларына түз таасир эте баштамакчы. Эсепке алуу ставкасы – бул ошол өлкөнүн Борбордук банкынын насыялоо ставкасы. Бардык өнүккөн мамлекеттерде анын өзгөрүшү финансы рыногундагы ставканын өзгөрүшүнө алып келет. Тилекке каршы, акыркы мезгилге чейин бизде бул байланыш жок болчу. Ошондон улам КРнын 2017-жылга чейин туруктуу өнүктүрүү стратегиясынын алкактарында өткөн жылы акча-кредит саясатынын жаңы аспабына өтүү жүргүзүлгөн.

Жыл ичинде биздин эсепке алуу ставкабыз банктар ортосундагы рыноктогу ставкага таасир эте баштаганы боюнча алгачкы сигналдар бар. 2017-жылы бул аспап толук күчүндө иштей баштайт ойлойбуз.

Алмашуу курсу – бул экономиканын абалы. Валютанын курсу суроо-талап жана сунуштун катышы менен гана аныкталат. Экинчиден, экономикадагы абал менен. Биздин прогноз боюнча азыр кескин өзгөрүү үчүн себеп жок. Акыркы эки жумада интервенция жасаган жокпуз. Азыр экономиканын долларга муктаждыгы байкалбайт. А түгүл банк системасында 310 миллион доллар бар. Биз сомдун курсун атайы кармап турбайбыз, биз валюта рыногундагы кескин термелүүлөрдү жумшартуу менен гана алектенебиз.

Валюта рыногундагы кызыл кулактыктарга бөгөт коюу үчүн алмаштыруу бюролорун жабуу боюнча мыйзам долбоорун коомдук талкуулоо 20-февралда аяктады. Азыр аны министрликтер, ведомстволор арасында макулдашуу жүрүп жатат. Анан Өкмөткө жөнөтүлмөкчү.

Мындан тышкары УБ Административдик кодекске өзгөртүү киргизүү демилгеси көтөрүлдү, анда лицензиясыз иштегендиги жана отчёттуулук боюнча жоболорду бузгандык үчүн айыппулдун өлчөмүн көбөйтүү каралган. Азыркы учурда ал 1 миң сом болсо, эми 50 миң, 100 миң сом болмокчу. Азыр ал парламентте, профилдик комитет тарабынан каралганы турат.

Журналисттердин азыр комбанктардын кредиттерди сом менен берүүнү чектеп, доллар менен берүүгө жана кыска мөөнөттөгү кредиттерди берүүгө өтүп жаткандыгы боюнча суроосуна төрага мындай жооп берди:

– Комбанктардын акчасы негизинен депозиттерден куралат. Азыр алардын жарымы доллар менен, жарымы сом менен. Кээде 57 пайыз – 43 пайыз катышта. Ошого жараша кредиттер берилет. Депозиттер биздин жарандардын акчалары, аларды доллардын ордуна сом менен бергиле дегенге укугубуз жок.

Анын үстүнө комбанктардын жана ири кредиттик компаниялардын көпчүлүгү эл аралык рыноктон насыяларды доллар, евро менен алышат. Ошондуктан тобокелчиликке барбаш үчүн алар алган валюта менен кредиттерди беришет.

Кредиттөөнүн мөөнөтү жөнүндө сөз кылганда да мына ушул жагдайды эске алган туура. Комбанктарда депозиттердин максималдуу мөөнөтү бир жыл. Ошондуктан сом менен бир жылдан ашык мөөнөткө кредиттөө комбанктар үчүн мүмкүн эмес.

Азыр УБ Өкмөт менен накталай акча төлөмдөрүн азайтуу боюнча программа кабыл алганбыз. Анын алкагында пост-терминалдарды, банкоматтарды көбүрөөк койгонго аракет жасоодобуз. Ошондо акчалардын транзакциялары контролдонуп калмакчы.

Доллардын курсунун жогорулоосунун дагы бир себеби бар. Мурда доллардын саны көбөйүп кеткендиктен, былтыр АКШнын Федералдык резервдик банкы жүгүртүүдөгү доллардын санын азайта баштаган.

Биз өзүбүздүн акча-кредиттик саясатыбызды Өкмөттүн бюджеттик-финансылык саясатына ылайык жүргүзөбүз, 5-7% жылдык инфляцияны кармап турууга аракеттенебиз. Биз быйыл кредиттик аукциондорго 1,5 миллиард сомго жакын сумманы пландаштырганбыз. Жакында биринчи аукцион болмокчу.

Биз азыр Элкарт – улуттук төлөм системасы. Ал Банктар аралык процессинг борбору аркылуу жүзөгө ашырылат. Келечекте бюджеттен акча алгандардын баары Элкарттын базасында алышы керек. Анткени бул биздин өлкөнүн финансы-экономикалык коопсуздугубуздун курамдык бөлүгү. Анткени башка төлөм системасы боюнча санкциялар киргизилсе, биздин пенсионерлер, жарандар акчаларын алалбай калышпасын деген максат.